**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II- чакырылышынын**
**кезектеги VII сессиясы**

## ТОКТОМ № 38

Таран-Базар айылы 30-май 2025-ж

**Көк-Арт айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген бюджетинин**
**чыгышаларына статьялар аралык өзгөртүү киргизүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 115-беренесинини 4-пунктуна ылайык , Көк-Арт айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген бюджетинин чыгымдарына статьялар аралык өзгөртүү киргизүү жөнүндө ФЭБнун кайрылуусун угуп талкуулап Көк-Арт айыл кеңеши **токтом кылат**

Көк-Арт айыл өкмөтүнүн пландан ашыкча түшүүсүн эске алуу менен жерди кайра бөлүштүрүү фонду жерди ижарага алуу акысы (14152600) беренесинен 2831,0 миң сом, жоготулган пайданы компенсациялоодон жергиликтүү бюджетке төлөө (14152400) беренесинен 664,3 миң сом, Айылдын жайыттарынын ижара акысы (14152200) беренесинен 650,0 миң сом, **жалпы 4145,3 миң сомго** көтөрүлсүн.

Көк-Арт айыл кеңешинин 27-февраль 2025-жылдагы IV-сессиясынын 13-токтому менен бекитилген Аппарат 70111 бөлүмүнүн 2214 бернесинен 11,0 миң сом, ЖКХ 70629 бөлүмүнүн 2214 беренесинен 49,0 миң сом, башталгыч мектеп 70922 бөлүмүнүн 2218 беренесинен 45,0 миң сом , 2215 беренесинен 2,3 миң сом , **жалпы 107,3 миң сом** кыскартылсын. (Тиркеме№2)

1. Бюджет кодексинин 130-беренесине ылайык, баланстуулукту сактоо максатында чыгаша бөлүгүнүн планы төмөндөгүдөй көбөйтүлсүн;

   - ЖКХ 70629 бөлүмүнүн 3111 беренесине Жерге-Тал айылына Араптар тарабынан “БАХРЭЙН-3” шаарчасынын курулушуна **495,2 миң сом**, Кожобаев, Иминов,Чолпонкулов, Жолдошев,Мамат палван көчөлөрүнө столба алууга **350,0 миң сом**, Жалгыз-Жаңгак айылындагы кичи фудбол аянтчага клем(газон) алууга **800,0 миң сом**, Кара-Алма айылындагы көпүрөнү оңдоого **250,0 миң сом**, Жоон-Күнгөй айылындагы ФАПтын алдына стяшка жана айланасын тосууга **100,0 миң сом**, 3112 беренесине Жоон-Күнгөй айылындагы көчөнү жарыктандырууга прожектор алууга **70,0 миң сом,** 2221-беренесине Примбаев, Жолдошев көчөлөргө шагыл төгүү үчүн **140,0 миң сом,** Жоон-Күнгөй айылындагы Нышанов көчөсүндөгү көпүрөнү оңдоо үчүн **50,0 миң сом,** 2215 беренесине Таза суу муниципалдык ишканасына көчөлөрдү тазалоого **300,0 миң сом.**

   - Аппарат 70111 бөлүмүнүн 2215-беренесинин **50,0 миң сом** баннарлерди жасатууга,Бахрейн-3 шаарчасынын документттерин жасатууга **500,0 миң сом,** 2211 бернесине айыл өкмөттүнүн кызматкерлерине **57,4 миң сом,**

   -Соц 71092 бөлүмүнүн 2721-беренесине элге материалдык жардам берүүгө **130,0 миң сом ,**

-Китепкана 70821 бөлүмүнүн 2222-беренесине Кара-Алма айылындагы китепканага канцтовар алууга **10,0 миң сом**

- Орто мектеп 70921 бөлүмүнүн 2215-беренесине Казакбаев мектебинин ички жасалгалоосуна **300,0 миң сом,**

-Жайыт 70429 бөлүмүнүн 2215-беренесине жайыт акы үчүн **650,0 миң сом** (Тиркеме№ 2)

2. Көк-Арт айыл кеңешинин 27-февраль 2025-жылдагы IV-сессиясынын 13-токтому менен бекитилген бала-бакча 70911 бөлүмүнүн 3112 беренесине видио байкоого бөлүнгөн акча каражатынан 47,8 **миң сом,** багытын өзгөрүү менен Тамара айшоола балдар бакчасына кир жуучу машина алынсын. ЖКХ бөлүмүнүн 3111-беренесине Кара-Алма айылына суу чыгарууга бөлүнгөн акча каражатынан **30,0 миң сом** Багыш учаскасына көчөлөргө азбиз турба алууга жумсалсын.

3. 2025-жылга бекитилген бюджеттин чыгаша пландарына тактоолорду жүргүзүү жагы Финансы министрлигинин Сузак финансы башкармалыгынан суралсын.
4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Көк-Арт айылдык кеңешинин жоопту катчысы А.Джапарвко милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы О.Анаркуловко жүктөлсүн.

**Төрөга:** **К.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II- чакырылышынын**
**кезектеги VII сессиясы**

**ТОКТОМ № 39**

Таран-Базар айылы . 30-май 2025-жыл.

**Көк-Арт айыл өкмөтүнүн аймагында таза суу муниципалдык ишканасын түзүү жөнүндө**

Көк-Арт айыл аймагынын жана Багыш айыл аймагынын элин таза суу менен камсыз кылуу максатында эки айыл өкмөт биргелешип таза суу муниципалдык ишканасын ачуу боюнча Көк-Арт айыл өкмөтүнун башчысы ОАнаркуловдун сунушун карап, талкуулап Көк-Арт айылдык кеңеши төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл өкмөтү Багыш айыл өкмөтү менен биргеликте Таза суу муниципалдык ишканасын ачууга макулдук берилсин.

2. Түзүлгөн Таза суу муниципалдык ишканасы Көк-Арт айыл өкмөтүнун балансасына алынсын.

3. Тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жана каттоодон өткөрүү Көк-Арт айыл өкмөтүнун башчысы О.Анаркуловго милдеттендирилсин

4. Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жооптуу катчы А.Джапаровго жүктөлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Э.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II- чакырылышынын**
**кезектеги VII сессиясы**

## ТОКТОМ № 40

Таран-Базар айылы . 30-май 2025-жыл.

**Көк-Арт айыл өкмөтүнүн аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы иштелбей жаткан трубаларды казып алып башка жактагы таза суу үчүн орнотууга макулдук берүү жөнүндө**

Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы мурдагы таза суу үчүн орнотулган жана азыркы учурда иштелбей калган трубаларды казып башка жактагы таза суу үчүн пайдаланууга макулдук берүүнү сурап “Жаны багыт” муниципалдык ишканасынын директору К.Малашовдун Көк-Арт айылдык кеңеши төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы иштелбей жаткан суу турубаларын казып алып башка жактагы таза суу үчүн пайдаланууга макулдук берилсин.

2. Трубаларды казып алуу жана максаттуу пайдалануу муниципалдык ишкананын директору К.Малашовго милдеттендирилсин.

3. Иштин жүрүшүн көзөлдөө Көк-Арт айыл өкмөтүнун башкчысы О.Анаркуловго жүктөлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Э.Исмаилов**